КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР
МИНИСТРЛИГИ

ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ
БОЮНЧА АГЕНТТИГИ
(КЫРГЫЗГИДРОМЕТ)

МИНИСТЕРСТВО
ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

АГЕНТСТВО ПО
ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИИ
(КЫРГЫЗГИДРОМЕТ)

**Б У Й Р У К**

**П Р И К А З**

2016-ж, 2-августу № 93 **Бишкек шаары**

**Мамлекеттик тилдин бир айлыгын өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын 1, 10, 14, 17-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 2-июнундагы №119 Жарлыгы менен бекитилген "Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдарда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук Программасынын" талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинде кызматкерлер арасында мамлекеттик тилди жеткиликтүү, кесиптик деңгээлдерде сүйлөөнүн жана кагаз иштерин мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн сапатын жакшыртуу, мамлекеттик тил күнүнө карата татыктуу иш чараларды жүргүзүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1.2016-жылдын 23-августунан 23-сентябрына чейинки аралыктарда Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинде мамлекеттик тилдин бир айлыгы жарыялансын жана аны өткөрүү боюнча иш чаралардын планы бекитилип, башкармалыктар, өз алдынча бөлүмдөр тарабынан аткарууга алынсын (№ 1 тиркеме тиркелет).

2.Агенттиктин алдында түзүлгөн мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча тил комиссиясынын курамы түзүлгөн бир айлык иш чаранын негизинде уюштуруу иштерин алып барсын.

3.Финансы, бухгалтериялык эсеп жана отчеттуулук башкармалыгы (Л.А.Тусупбекова) мамлекеттик тилдин бир айлыгын өткөрүүгө байланышкан иш чараларга керектелүүчү акча каражаттарын өз убагында бөлүп берүүнү камсыз кылсын.

З.С.Итибаев

4.Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо милдети директордун орун басары К.Ч.Сагыновго жүктөлсүн.

5.Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Директор** **З.С.Итибаев**

---

Таркатылсын: көктөмөгө, бардык түзүмдүк бөлүмдөргө.

Виза койгондор:

Р.Асанходжаев Л.Тусупбекова Н.Жумабаева

Л.Нышанбаева Н.Уметалиева

**КР ӨКМнин алындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинин 2016-жылдын "__" __________ №___ буйругуна 1-тиркеме**

**КР ӨКМнин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттигинде мамлекеттик тилдин бир айлыгын өткөрүү боюнча иш чаралардын**

**П Л А Н Ы**

| к/№ | Аткарыла турган иш чаралардын аталышы | Иш чараны өткөрүү орду | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуу башкармалыктар, бөлүмдөр, алардын жетекчилеринин аты-жөнү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | Мамлекеттик тил күнүнө карата кызматкерлерге сыйлык берүү үчүн акча каражаттарын бөлүүнү камсыз кылуу:<br>-Кыргызгидрометтин Ардак грамотасын сатып алууга, 1 даана Ардак грамота-100 сом, 3 даанасы- **300** сом;<br>-Алкышты алкагы менен жасатууга, 1 даанасы- 100 сом, 3 даанасы- **300** сом;<br>***Жалпы- 600 сом.*** | | 10.09.2016-ж.га чейин | ФБЭОБ, Л.А.Тусупбекова | |
| 2 | Мамлекеттик тилди аралыктан окуган кызматкерлерден тест алып, алардын ичинен мыкты өздөштүргөн үч кызматкерди Кыргызгидрометтин сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтүү. | Жыйындар залында | 15.09.2016-ж.га чейин | Тил комиссиясы | |
| 3 | Мамлекеттик тил жаатына мыкты салым кошушкан кызматкерлерди Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча | | 10.09.2016-ж.га чейин | Тил комиссиясы аныктап чыккандан кийин КИИКБнын | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | улуттук комиссиянын, Кыргызгидрометтин төш белгиси, Ардак грамоталары, Кыргызгидрометтин түзүлгөндүгүнүн 90 жылдыгына карата чыгарылган төш белги менен сыйлоого көрсөтүү. | | | кызматкерлер менен иштөө бөлүмү | |
| 4 | Кыргызгидрометтин директорунун мамлекеттик тил. күнүнө карата сүйлөй турган сөзүн даярдоо. | | 21.09.2016-ж. | Документтик камсыздоо жана аткарууну контролдоо бөлүмүнүн мамлекеттик тил боюнча башкы адиси К.Абдыразаков | |
| 5 | Бардык станцияларда жана посттордо мамлекеттик тил күнүнө карата дубал гезиттерди чыгаруу | Станцияларда жана посстордо | 21.09.2016-ж. | Бардык станциялардын жана посттордун башчылары | |
| 6 | Кыргызгидрометтин Тил комиссиясынын 2011-2016-жылдарда жүргүзгөн иштери боюнча отчет берүү (презентация жасоо). | Жыйындар залында | 23.09.2016-ж. | Тил комиссиясы | |
| 7 | Мамлекеттик тилдин бир айлыгы боюнча салтанаттуу чогулуш менен бир айлыкты мамлекеттик тил күнү жыйынтыктоо. | Жыйындар залында | 23.09.2016-ж. | Тил комиссиясынын төрагасы, Кыргызгидрометтин директору, Тил комиссиясынын төрагасы сөз сүйлөп мамлекеттик тилдин бир айлыгын жыйынтыкташат.Баш кармалыктардын жана бөлүмдөрдүн кызматкерлери катышат. | |

**Кадрдык иштер жана иш кагаздар башкармалыгынын начальниги** **Н.Т.Жумабаева**